| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ<br>ЫЛАЙ-ТАЛАА<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
| --- | --- | --- |

VIII чакырылышындагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезексиз VII сессиясынын жыйынынын

# Т О К Т О М У

2025-жылдын 4-ноябры, № 7/3 Ылай-Талаа айылы

**Ылай-Талаа айылындагы Ө.Абдылдаев атындагы орто мектебинин ичин капиталдык оңдоодон өткөрүү үчүн республикалык дем берүүчү гранттык долбоорго сунушталып жаткан долбоордун өздүк салымын айыл өкмөтүнүн бюджетинен карап берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү" Мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесинин жана Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин Регламентинин 1-бөлүгүнүн 2-главасынын 2.2-пунктуна -"Айылдык кеңештин компетенциясы жөнүндө" беренесинин, "Жергиликтүү бюджетти жана аткарылышы жөнүндө отчетту бекитүү, бюджеттин аткарылышынын жүрүшү жана бюджеттен тышкаркы фонддордун пайдаланылышы жөнүндөгү" Мыйзамынын 32-беренесинин 2 -"Тиешелүү аймактын социалдык-маданий инфраструктурасын өнүктүрүү, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун экономикалык негизин чыңдоо боюнча кеңешке сунуштарды киргизүү жөнүндөгү" бөлүмчөлөрүн жетекчиликке алып Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Ылай-Талаа айылындагы Ө.Абдылдаев атындагы орто мектебинин ичин капиталдык оңдооодон өткөрүү үчүн Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2026-жылга каралган бюджетинин эсебинен **525 000 (беш жүз жыйырма беш миң)** сом акча каражатын өздүк салымдан төлөп берүү жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы А.Жолдошовага милдеттендирилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин социалдык-экономикалык өнүгүүнүн болжолдуу багыттарын аныктоо, жаштардын иштери, спорт, миграция, туризм, инвестиция жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына (төрагасы А.Кадыркулов) тапшырылсын.

**Төрага** **А.Мойдунов**